Наноматериалдардын өлчөмү электроникада өтө пайдалуу жана аларды экологиялык тазалоо же токсикалык заттарды нейтралдаштыруу жана тазалоо максатында колдонушат. Металл нанобөлүкчөлөрдүн оптикалык, жылуулук, магниттик, сенсордук түрмөктөрдө жана катализатор катары колдонулушу алардын кичинекей көлөмүнө жана алардын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Наноматериалдар - нанобөлүкчөлөрдүн микроскопиялык өлчөмдөрүнөн келип чыккан уникалдуу касиеттердин негизинде жасалуучу материалдар:

Углероддук нанотүтүкчөлөр – узун цилиндрдик структурага ээ 1 нмден бир нече нмге чейинки диаметрдеги бир нече сантиметрдик узундуктагы бир же бир нече

гексагоналдуу графиттик тегиздиктен (графен) оролгон, жарым сфера менен башталган структураны айтабыз.

Фуллерендер – молекулярдык бирикмелер, көмүртектин классынын аллотроптуу формасына тиешелүү (башкалар – алмаз, карбин жана графит) тоголок шар түзүлүшүндө болот, алар комүртектин үч координирленген атомдорунун жуп санынан түзүлгөн.

Графен – көмүртектин атомдорунун монокатмары, 2004-жылдын октябрь айында Манчестер университетинден жасалган. Графен NO2 нин молекулаларынын детектору катары колдууга, жекече молекулалардын келишин же кетишин көрүүгө болот. Графендеги заряд ташуучулар бөлмө температурасында жогорку кыймылдуулукка (мобильдүүлүккө) ээ. Бул касиет аркылуу бул жарым металлда тыюу салынган аймак маселесин чечүүгө мүмкүндүк берет. Графен перспективдүү материал жана ал интегралдуу микросхемалардагы кремнийдин ордуна колдонууга болот.

Мамлекеттер аралык нанотехнология боюнча өткөн 7чи конференциянын (Висбаден, 2004) негизинде, наноматериалдарын түрлөрү;

- Нанокөзөнөктүү структура
- Нанобөлүкчө
- Нанотрубкалар, нановолокна жана нанолента
- Нанодисперсия (коллоиддер)
- Нанотүзүлүштөгү беттер жана плёнка
- Нанокристалл
- Белгиленүү боюнча наноматериалдар;
- Функционалдык
- Композициондук
- Конструкциондук топторго бөлүнөт.

2.1.7 Нанотехнология

Нанотехноогия келечекте мындан да өнүгүүчү технологиялардан. Көп булактар нанотехнология деп аталуучу ыкмаларды 1959 – жылы Калифорния Технологиялык Университетинде болгон Ричард Фэйнмандын белгилүү доклады менен байланыштырат. Ал мынтип айткан “Төмөндө толтура орун бар!” (англ.

“There’s plenty of room at the bottom!”). Ричард Фэйнман өзүнчө атомдорду механикалык жол менен ордунан жылдырса боло тургандыгын жана мындай процесс азыркы заманда белгилүү болгон физикалык мыйзамдарга каршы келбей тургандыгын айткан.

Мындай манипуляторду ал төмөнкүчө жасоону сунуш кылган: Өзүнүн копиясын жасоочу механизмди куруу керектигин. Ал өзүнүн ченемдериненда кичинекей болгон механизмди курмак, ушундай жол менен ал механизмдин ченемдери атомдук ченемдерге жеткичекти процесс уланмак. Мындай учурда механизмдин өзүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы болмок, анткени гравитациялык күчтөрдүн аракети азайып молекулалар арасы аракеттенишкен күчтөр жана Ван-Дер-Ваальстык күчтөрдун аракети жогоруламак.

2.1.8 Нанобөлүкчөлөрдү алуу жолдору

Бул ыкмалардын натыйжасында нано структуралар. Булар кристаллизация, рекристаллизация, фазалык өзгөрүүлөр, жогорку механикалык оордуктар, интенсифдүү пластикалык деформация, аморфтук структуралардын толук түрдөгү же толук эмес кристаллизациясы. Бул ыкмаларды таңдоо, алына турган наноматериалдарды колдонуу тармагына жана наноматериалдардан кааланган касиеттерге байланыштуу. Алына турган продукталардын мүнөздөмөлөрү, гранулометрикалык курамы, бөлүкчөлөрдүн формасы, курамында кошундуларды кармоосу, салыштырма бетинин чоңдугу, алуунун чоң өлчөмдө болгондугуна жараша өзгөрүшү мумкун. Нанобөлүкчөлөрдү алуу ыкмаларын биологиялык, химиялык жана физикалык болуп үч түргө бөлүнөт**.**

2.1.9 Физикалык ыкмалар

Металлдардын нанобөлүкчөлөрүн конденсация же газофаздык синтез жолу менен алуу методдору, металлдардын, эритмелердин же оксиддердин, температурасы жана атмосферасы контролдонгон реактордо бууланууга ынгайланышкан. Фазалык өтүүлөр буу – суюктук – катуу зат же буу – катуу зат, реактордун ичинде же муздатуучу дубалдардын үстүндө жүрөт.

Ыкманын негизи, баштапкы зат күчтүү ысытуу аркылуу бууланат, атайын газдоо же ташуучулар менен атайын реакция боло турган жерге алып келинет жана бат муздатылышы керек. Бууланып жаткан затты ысытууда плазмалар, лазерлер, электрикалык жаачалар, мештер жана электрикалык токту зымдан өткөрүү башкача айтканда индукциондук методдор . Тигелсиз эле ысытуу да болот. Баштапкы жана акыркы заттын түрүнө жараша буулантууну вакуумда, инерттик газда, газ же плазма агымында ишке ашат. Бөлүкчөлөрдүн өлчөмү жана формасы, процесстин температурасынан, атмосферанын курамынан жана реакция болгон мейкиндиктин басымына байланышту

2.2 Химиялык ыкмалар

Бул түрдөгү ыкмалар, нанобөлүкчөлөрдү синтездөөдө реакцияларды, процесстердерди, чөкмө реакцияларын, термикалык ажыроо же пиролизди, газ фазасындагы ар түрдүү химиялык реакцияларды, калыбына келүү реакцияларын, гидролизди, электрдик чөктүрүү процесстерин камтыйт. Нанобөлүкчөлөрдүн пайда болуу жана өсүү ылдамдыктарын башкаруу, реагенттердин көлөмүнүн катыштарынын өзгөргөндүгүнө жана температурага байланыштуу. Химиялык методдор көп стадиялуу жана жогорудагы процесс реакциялардын топтому кармалыш ыктымалдуулугу да бар. [11]

2.2.1 Золь - гель ыкмасы

Мындай структуралардын бекемдиги төмөн болот жана Вандер – Вальс өз ара аракеттери менен аныкталат. Мындай структуралар, механикалык күчтөрдүн таасиринен бузулгандан кийин өзүнөн өзү толугу менен калыбына келүү жөндөмдүүлүгүнө ээ (тиксотропия). Структуралардын стабилдүүлүгүн жогорулатуу үчүн ар түрдүү беттик активдүү заттар кошулуп модификацияланат.

Андан кийин, дисперстик чөйрө жоготулат. Бул болсо фазалык бекем контакттардын пайда болуусуна жана тиксотропиялык касиеттерди жоготот. Андан кийин гелди кургатуу процесси жүрөт жана бекем, жука, майда тешикчелүү затка айланат. Нанобөлүкчөлөрдүн сууюктук гелин, майдалоо жана кургатуу менен алынат. Жыйынтыгында өтө кычкылданган бөлүкчөлөр алынат. Бул бөлүкчөлөр

болсо газдар (азот) менен калыбына келтирилип, нитриддин жана карбиддердин тоздору алынат. Жыйынтыгында, өлчөмдөрү 1 мкм дан ашпаган сферикалык формадагы бөлүкчөлөрдү алууга болот.

2.2.2 Гидролиз ыкмасы

Гидролиз – зат жана суунун ортосундагы өз ара зат алмашуу процесси. Бир канча түрлөрү бар алар : жогорку жана төмөнкү температурада. Төмөнкү температурада демек, бөлмө температурасында жана атмосфералык басымда металлдардын туздарынын ажыроосу. Бөлүкчөлөрдүн кристаллдык модификациясы, формасы жана өлчөмү алынган эритмеден көз каранды. Жогорку температурадагы гидролизде температура 25 – 125 ^{0}C жана басым бир канча барга жетет. Бул болсо реакциянын ишке ашуусун тездетет. Гидролиз, формасы, курамы жана өлчөмү көзөмөлдөнгөн өтө таза тоздорду алууда колдонулган ыкма. Бөлүкчөлөрдүн өлчөмдөрүнө суунун көлөмүнүн таасири чоң. Суунун көп көлөмүндө бөлүкчөлөрдүн өлчөмү кичинерээк болуп алынат (орточо 0,2 мкм).

2.3 Жалпы маалыматтр

2.3.1 Химиялык өзгөчөлүктөрү

Химиялык символу: Si

Группасы: 14

Электрондук конфигурациясы: [Ne] $3s^2$ $3p^2$

2.3.2 Физикалык өзгөчөлүктөрү

Ээрүү температурасы: 1414°C

Кайноо температурасы: 2900°C

Тыгыздыгы: 2.33 гр/cm^3

Малекулалык массасы: 28.08гр/моль

2.3.3 Колдонуу тармактары

Литий ион батареясы

Микро жана интегралдык жарым өткөргүчтөр

Кремний нанотубалары, наносымдарында,нановолокна

Люминесценттик көрсөтүүчү аппараттарда

2.3.4 Кремний кармаган кошулмалар

Силан туундулары: $(CH_3)_4Si$, $CH_3SiH_2SiH_2CH_3$,$(CH_3)_3SiCl$.

Силазандар $(CH_3)_3SiNHSi(CH_3)_3$

Силоксандар $(CH_3)_3SiOSi(CH_3)_3$

Силтиандар $(CH_3)_3SiSSi(CH_3)_3$

Силатрандар $N(CH_2CH_2O)_3SiR$

2.3.5 Кремнийдин алынышы

Кремний таза түрүндө табиятта кездешпейт аны көбүнчө оксиддеринен бөлүп алуу үчүн магний менен аракеттендирет, нанобөлүкчө алууда да кошулмаларын кремний оксид абалына алып келип, таза магний жардамы менен алынат[12].

$$\mathbf{SiO_2 + 2Mg \rightarrow 2MgO + Si} \qquad (1)$$



6-Сүрөт. Кремний нанобөлүкчөсү

2.3.6 Кремнийдин жаратылышта таралышы

- Кычкылтек: 46%.
- Кремний 28%.
- Алюминий 8%.
- Темир 6%.
- Кальций 3,6%.
- Натрий 2,8%.
- Калий 2,6%.
- Магний 1,5%

3-БӨЛҮМ

ТАЖРЫЙБАЛЫК ЫКМАЛАР ЖАНА МАТЕРИАЛДАР

3.1 Колдонулган материалдар

Реактивдер: силикон кристаллы (тазалыгы 99,999%), этил спирти (95%), натрий гидроксиди, натрий хлориди, туз кислотасы (36%), дистирленген суу.

Жабдыктар: импульстук плазма аппараты, стакан.

Тажрыйбаны баштоо үчүн бардык шарттар каралуусу зарыл. Эң алгачкысы коопсуздук эрежеси.

Импульстук плазма жогорку чыңалуу жана ток күчүндө иштегендиги үчүн электрикалык коопсуздукту кароо зарыл. Тажрыйбаны жалгыз жасоого болбойт жаныңда бирөө болушу керек. Плазманы ишке ашырууда импульстук генератор лампасына жана электроддор туура туташтырылганына көңүл буруу, вибраторду биринчи тушташтыруу, экинчи электрод туташтырылат. Өчүргөндө алгач вибраторду андан кийин электродду өчүрүү керек. Аппарат иштетилип жаткан учурда кол менен электродду же зымдарды кармоого болбойт. Электр кабелдерине этият болуу жана чалынуудан узак туруу керек.

Коопсуздук үчүн халат, колго мээлей жана көзгө коргоочу көз айнекти сөзсүз түрдө тагынуу керек. Химиялык реагенттер менен иштегенде этият мамиле жасалуусу керек.

Бөлмөнү желдетип, иштөөчү столго ашыкча буюмдар койбой жалаң гана тажрыйбага керектүү заттардын болуусу керек. Тажрыйба учурунда бат күйүүчү же жарылуучу реагенттерди тажрыйба жеринден алыста туруусу зарыл. Плазмалык процедура учурунда процессти кароосуз таштоого болбойт.

3.2 Кремний нанобөлүкчөсүнүн синтези

Биз колдонуп синтездеген суюктуктагы импульстук плазма ыкмасы жөнөкөй, баасы арзан жана экологиялык жактан таза ыкмалардан.

Бул ыкмада эки электрод электрикалык заряд аркылуу диэлектрикалык суюктук ичинде бириктирилет.


Импульстук плазма ыкмасында ток булагынын интенсивдүүлүгүн жогорулатуу үчүн импульстук генератор колдонулат. Импульстук генератор 50гц ти (эгер секунт менен белгиленсе 20 мс болот) 10 μс ка кичирейтүүгө жөндөмдүү. Ток күчү 100А ге жетип плазмада температура жогорулайт. Бирок чөйрөгө таасир бербейт. Кириш ток булагынын чыңалуусу 220 В, ток күчү 3 А параметринде[13]. Синтезде суюк чөйрө катары суу же спирт тандалды. Электрод катары метастабилдүү болгон металл зымы колдонулду. Синтез төмөнкүчө башталат. 1)Ионизация 2)Учкундоо(break down) 3)Нанобөлүкчө алынышы

Жогорку даражадагы ток күчү менен электрод иондорго ажырай баштайт. Ажыраган иондошкон заттар суюк чөйрөдө дароо муздоого учурайт. Муздаган абалда заттар нано жана дисперстик абалга өтөт. Эки электрод бириккен жеринен учкундап убакытка жараша керектүү өлчөмдөгү нанобөлүкчөлөрдү алууга болот.



7-Сүрөт. Суюктуктагы импульстук плазма аппараты жана синтез жүрүшү

Алынган нанобөлүкчөлөрдү кум мончосунда кургатылылып анализге даярдалат, канча убакытка кармоо бизге керек болгон нанобөлүкчөнүн массасына байланыштуу.





8-Сүрөт. Алынган нанобөлүкчөлөрдү кум мончосунда кургатуу

3.3 Химиялык жол менен күрүч кабыгынан кремний нанобөлүкчөсүн алуу

Реактивдер: Туз кислотасы (HCl, 37%, China), натрий гидроксиди (NaOH, ≥96%, China), дистирленген суу, күрүч кабыгы.

Колдонуучу жабдыктар: тигель, стакан, воронка, муфель меши.

Күрүч кабыгынан золь-гель ыкмасы менен алынды. Алуу процесси беш баскычтан турат.

1. *Жуу жана кургатуу:* Ээрүүчү бирикмелерден, чаң, кирдетүүчү заттардан тазалоо үчүн күрүч кабыгын дистрленген суу менен бир канча жолу кайталап тазаланды. Бөлмө температурасында 48 саат кургатылды.
2. *Кислотада иштетүү:* Күрүч кабыгындагы кээ бир минералдарды бөлүү максатында 1н HCL ээритмесинде кармалды.
3. *Күйгүзүү:* Муфель мешинде 700°C 4саат күйгүзүлдү.
4. *Кремний экстракциясы:* 2.5гр күлдү 250мл 0,5н NaOH ээритмесине аралаштырып, жылуулук берүү менен тынымсыз аралаштырылат.
5. *Нанокремнийди даярдоо:* HCL кислотасын нейтралдуу чөйрөгө келгенче кошобуз. Дистирленген суу менен тазалап, 110°C 24 саат меште кургатылды. 450°C 1 саат муфель мешинде кристаллдаштыруу процесси жүрөт, алынган порошокко Mg элементи кошулат,анткени кремний оксид абалынан кремний элемент абалына алын келүү үчүн.


Химиялык реакциясы:

$$SiO_2 + 2NaOH \rightarrow Na_2\ SiO_3 + H_2O \quad (2)$$

$$Na_2SiO_3 + H_2SO_4 \rightarrow SiO_2 + Na_2SO_4 + H_2O \quad (3)$$



9-Сүрөт. Күрүч кабыгынын тазалоо процесси



10-Сүрөт. а,б күрүч кабыгынын кальцинация процессине чейинки жана кийинкиси көрүнүшү

4-БӨЛҮМ

АЛЫНГАН НАТЫЙЖАЛАР ЖАНА ТАЛКУУЛОО

4.1 Кремний нанобөлүкчөсүнүн рентген анализинин жасалуу принциби.

Рентген нурлары кристаллдын ичине кирип жана нурлардын чагылышуусу бир гана беттик бөлүктө жүрбөстөн, ички катмарларга да кирет. 7-сүрөттө көрсөтүлгөндөй экинчи катмардан чагылган нурдун өтүү жолу биринчи катмардан чагылган нурдун жолунан 2d sinθ ге чоңураак болот. Тагыраак болгон дифракциондук сүрөт, кристаллдан өткөн нурдун жолу рентген нурунун толкун узундугуна барабар болгон учурда көрүнөт. Бул кубулуш боюнча Вульф – Брегг формуласы төмөнкүдөй болот:


$$n\lambda = 2d \sin\theta \qquad (1)$$

n – чагылуу ирети, жеңил болуусу үчүн 1 алынат;

λ – монохроматикалык рентген нурунун толкун узундугу;

θ – рентген нурунун түшүү, чагылуу бурчу;


d – катмарлар арсындагы аралык.



11-Сүрөт. Рентген нурунун диффракциясы

Чагылган нурларды регистрациялоо эки баскыч менен ишке ашат: фотографиялык же дифрактометрикалык. Дифрактометрикалык жол азыркы учурда көбүрөөк колдонулат.






12-Сүрөт. Дифрактометрикалык анализдин схемасы жана аппараты

Эксперимент учурунда үлгү өзүнүн огунун айланасында айланып жана убакыт өткөн сайын нурлардын түшүү бурчтары алмашып турат. Эгер үлгүнүн айлануу бурчу θ болсо, каттоо каражаты 2θ бурчка айлануу жасайт. Дифракциондук лентага импульстардын интенсивдүүлүгү каттоо бурчуна карата жазылып алынат жана ошого карата жыйынтык берилет [14].


4.2 Синтезделген кремний нанобөлүкчөсүнүн “Jade5” программында анализ жасалуу принциби

Кремний нанобөлүкчөсүнүн рентген диффракциялык анализи “Jade5” компютердик программасы менен анализи жасалды. Бул программа аркылуу базадагы маалыматтар менен алынган спектрди салыштырылат[15].Анализ жыйынтыгы төмөндө көрсөтүлгөн. “Jade5” программасына диффракциялык анализи жыйынтыктарын жүктөп алынган затты белгилеп кайсыл кристаллдык абалга дал келээри каралат, эгерде программада чыккан сары сызыктар (кристталдык абал) бизде алынган пиктер дал келсе анда ошол зат кармалат. Синтезделген кремний нанобөлүкчөсү JCPDS 27-1402 номерлүү таза кремнийдин

кристалдык маалыматы менен дал келди. Синтезделген кремнийй нанобөлүкчөлөрүнүн 98 % тазалыкта болгондугу аныкталды.




13-Сүрөт. Этанол 40% ээритмесинде кремний нанобөлүкчөсүнүн Jade5 программасында анализдөө сүрөтү




14-Сүрөт. Этанол 40% ээритмесинде алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн (а), (б), (с) ар башка өлчөмдөгү көрүнүшү, (г) алынган бөлүкчөнүн кармалуу пайызы

Сканирлөөчү электрондук микроскоп масштабдуу тартылган кремний нанобөлүкчөсүн өлчөмдөрү‘ImageJ contact angle plungin’ программасы менен каралды [16], тартылып алынган сүрөттөн өлчөмдөрү каралып канча пайыз кармалгандыгы аныкталды. 12-сүрөттө ар башка масштабдуу кремний нанобөлүкчөсүнүн сүрөтү жана кармалуу пайызы көрсөтүлдү.




15-Сүрөт. Этанол 70% ээритмесинде кремний нанобөлүкчөсүнүн Jade5 программасында анализдөө сүрөтү

Дистирленген сууда, 10%, 40%, 70%, 90% концентрацияларындагы спирт эритмесинде алынган кремний үлгүлөрүнүн рентген фазалык анализи кремний үлгүлөрүнүн фазалык курамы таза кремнийди көрсөттү. Электрон микроскобу менен анализденген учурда, алынган кремний үлгүлөрүнүн бөлүкчөлөрүнүн чоңдугу орточо 40 нм таякча формасындагы нанобөлүкчө, шар формасында ал эми күрүч кабыгынан алынган кремний нанобөлүкчөсү кубдук структурада экендиги аныкталды.




16-Сүрөт.Этанол 70% ээритмесинде алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн (а), (б),(с) ар башка өлчөмдөгү көрүнүшү, (г) алынган бөлүкчөнүн кармалуу пайызы


Кремний нанобөлүкөсүнүн өлчөмүнө болгон таасирлерди карап көрсөк, алгач эки электродко карматылган кремний кристаллдарынын беттик контакты жакшы болушуна маани берүү керек, бизде алынган жыйытыктарга караганда спирттин жогорку коцентрациясында нанобөлүкчөсүнүн көп пайызы 80 нм кичине болгондугун байкадык ал эми, төмөнкү коцентрацияда 80нм жана андан жогорку өлчөмдөгү бөлүкчөлөр басымдуулугу байкалды.



17-Сүрөт. Кремний нанобөлүкчөсүнүн рентген диффрациялык спектри



18-Сүрөт. Этанол 90% ээритмесинде кремний нанобөлүкчөсүнүн Jade5 программасында анализдөө сүрөтү




19-Сүрөт.Этанол 90% ээритмесинде алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн (а), (б),(с) ар башка өлчөмдөгү көрүнүшү, (г) алынган бөлүкчөнүн кармалуу пайызы


4.3 Химиялык жол менен синтезделген кремний нанобөлүкчөсүнүн анализи

Химиялык жол менен кремнийди күрүч кабыгынан алуу эң ыңгайлуу жана көп чыгым талап кылбаган, күрүчтүн колдонулбай ташталган кабыгынан алып жер семирткич, пестицид, топурак катары колдонуу багыты изилденип жатат [7,17,23]. Кыргызстанда да күрүч жана буудай дандарын өстүрүү көлөмү башка дан азыктарына караганда жогору [18]. Кремний нанобөлүкчөсү өсүмдүктөргө колдонууда физиологиялык негизги өзгөчөлүгү жана өсүмдүктөрдүн метаболикалык активдүүлүгүнө таасир берет [19]. Кремний нанобөлүкчөлөрүнүн мезопорациялык мүнөзү аларды айыл чарбасында жардам бере турган ар кандай молекулалар үчүн ылайыктуу нано ташуучу катары жакшы талапкерлерге айландырат [7, 19].Күрүч кабыгынан алууда жогоруда көрсөтүлгөн баскычтардан өткөн соң таза магний аралаштырып 450°C 1 саат муфелге салынды, 16-сүрөттөгү үлгүнү таза магний менен аралаштырып жакшы контакт болуусу үчүн майдалагычка аралаштырылды ал эми 17-сүрөттө нанобөлүкчөлөрдүн өлчөмүнүн


салыштырмалуу чоң болгонун себеби, майдалоо процесси жасалуусу алынган нанобөлүкчөмүнүн өлчөмүнө таасири берет ошондуктан майдалоо процесси жасалуусу зарыл.




20-Сүрөт. Күрүч кабыгынан алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн Jade5 программасында анализдөө сүрөтү



21-Сүрөт.Күрүч кабыгынан алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн (а), (б),(с) ар башка өлчөмдөгү көрүнүшү, (г) алынган бөлүкчөнүн кармалуу пайызы



22-Сүрөт. Күрүч кабыгынан алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн Jade5 программасында анализдөө сүрөтү




23-Сүрөт.Күрүч кабыгынан алынган кремний нанобөлүкчөсүнүн (а), (б),(с) ар башка өлчөмдөгү көрүнүшү, (г) алынган бөлүкчөнүн кармалуу пайызы

4.4 Кремний нанобөлүкчөсүнүн колдонулушундагы жыйынтыктар

Импульстук плазма жолу менен алынган кремний наобөлүкчөсүн буудай (Краснодарская99) жана арпага (Гетман) лабораторлук шартта өстүрүрүп кандай таасир берери изилденди. Өстүрүү үчүн Ала-Арча топурагын колдондук. Алгач тигилүүчү идишке бирдей массадагы топуракты салдык. Буудай жана арпаны 1% калий перменганатына салып, 15 мүнөттөн кийин отургузулду, анткени үрөөндө болгон патогендик заттарды жок кылуу үчүн калий перманганаты ээритмеси колдонулат. Нанобөлүкчөнү ар башка концентрацияда топуракка аралаштырылып үрөөндөр отургузулду. Ар бирине 8 ден үрөөн себилди.

3-Жадыбал. Буудай жана арпанын ар башка концентрацияда өсүүсү

Күнлөр	Буудай				Арпа			
	Контроль см	0,005гр см	0,01гр см	0,02гр См	Контроль см	0,005гр см	0,01гр см	0,02гр См
1	0,8	1.26	1.33	0.875	-	-	1.0	0.75
2	1.65	2.53	4.17	3.4	-	-	3.2	1.775
3	1.65	5.14	5.675	6.38	0.8	-	5.95	3.7
4	4.0	7.56	7.75	8.65	3.5	-	7.25	5.0
5	6.34	9.74	10.9	11.3	6.52	0.86	9.5	7.7
6	8.78	13.3	13.66	14.2	10.0	3.6	12.85	11.2
7	9.78	13.46	15.45	16.23	12.42	6.92	15.43	13.4
8	10.9	13.9	16.4	18.4	13.5	9.48	15.9	14.4
9	14,8	16,8	17,3	19,03	13,7	12,5	17,3	16,3
10	18,22	18,16	17,6	19,7	16,5	13,5	17,6	18,0
11	19,6	18,9	18,77	21,3	18,08	15	20,0	19,85
12	20,0	20,3	19,6	23,1	18,6	16,5	24,55	22,0
13	21,3	20,6	20,85	24,5	22,6	18,8	26,0	23,6
14	21,9	22,08	21,95	25,5	23,6	21,7	27,5	24,2



24-Сүрөт. Буудай жана арпанын жалпы биомассасы, тамыр узундугу

4.5 Алынган жыйынтыктарды эсептоо формуласы

а) Өнүп чыгуунун акыркы пайызы (ӨЧП) формуланы колдонуп, (Ранал жана Сантана 2006) пайыз менен эсептелген:

$$АӨП=[ЖӨДС/ЖСДС]*100\% \quad (1)$$

АӨП- акыркы өнүү пайызы,

ЖӨДС- жалпы өнгөн дан саны,

ЖСДС- жалпы себилген дан саны,

б) Өнүп чыгуу ылдамдыгы (ӨЧЫ) төмөндө келтирилген формула боюнча (Кзабатор, 1962) сүрөттөлгөндөй эсептелген:

$$ӨЧЫ=\sum(Ni/ti) \quad (2)$$

ӨЧЫ- өнүп чыгуу ылдамдыгы,

Ni- бир күндө өнүп чыккан дан саны,


ti- жалпы өнүп чыгуу үчүн кеткен убакыт,

с) Күч индекси (КИ) Херб формуласынын жардамы менен эсептелген (Херб 1994)[4].


$$КИ=[ККМ* АӨП/100] \quad (3)$$

4- Жадыбал. Акыркы өнүү пайызы (АӨП), өнүп чыгүү ылдамдыгы (ӨЧЫ), күч индекси (КИ)

Өлчөөлөрдүн аталышы	Буудай				Арпа			
	Контроль	0,005 гр/гр	0,01 гр/гр	0,02 гр/гр	Контроль	0,005 гр/гр	0,01 гр/гр	0,02 гр/гр
АӨП	87,5	100	100	100	100	100	100	100
ӨЧЫ	1,5	1,75	1,75	2,0	1,75	1,5	2,0	1,75
КИ	0,569	0,849	0,451	0,635	0,576	0,871	0,581	0,581




25-Сүрөт. Буудай (а) жана арпа (б), (в) контролдук улгүнүн тамырынын 14 күндөн кийинки сүрөтү, (г) контролдук үлгү




26-Сүрөт. Контролдук үлгү арпа (а),(б), 0.5 ,1,0 гр концентрациядагы арпа (а), (в), 5-күнү тартылган сүрөтү

Арпанын ар башка концентрациядагы үлгүлөрүнүн 5- күнүндөгү сүрөтү жогорку жакта көрсөтүлү. Дандар себилгенден кийин 4-күнүндө өнүп чыга баштады, бирок контролдук арпа 6-күнү, 0,005гр концентрациядагы улгу үлгү 8-күнүндө өнүп чыкты. Сүрөттөрдөгү 5-күнү тартылган сүрөт өнүп чыккандан кийин 5-күнү тартылган,өнгөнгө чейинки убакыт кошулбады, анткени өнүү бийиктигин өсүп чыкканда кийин өлчөө башаталгандыктан.




27-Сүрөт. Буудай жана арпа ар башка коцентрациясы тамыр көрүнүшү (а),(б), (в), 7-күнү тартылган сүрөтү

Буудай жана арпага кремний нанобөлүкчөсүн топурак катары колдондук, башка кээ бир өсүмдүктөргө азык-зат катары суу менен аралаштырып чачыратуу бадыраң, помидорго колдонулуп жакшы жыйынтыктар чыгарылган. Кремний нанобөлүкчөсүн колдонууда эң маанилүү таасирлердин бири, контролдук үлгүгө салыштырмалуу кремний колдонулган үлгүлөр эрте өнгөнү байкалды жана өсүүсү, бекемдиги тик абалда болгондугу менен контролдук үлгүдөн айырмаланып турду.



28-Сүрөт. Арпа 0,02гр/гр, контролдук үлгү (а) 9-күнү тартылган сүрөтү, (б), (в),(г) арпа буудай 14 күндөн кийинки тамыр көрүнүшү



29-Сүрөт. Арпа жана буудайдын 11-күнүндөгү сүрөтү

5-БӨЛҮМ

КОРУТУНДУ

Бул изилдөөдө кремний нанобөлүкчөсү жогорку тазалыктагы кремний куймасынан импульстук плазма ыкмасы менен синтезделди. Синтезделген порошок 98% тазалыктагы кремний нанобөлүкчөсү кармалгандыгы аныкталды. Дистирленген сууда, 10%, 40%, 70%, 90% концентрацияларындагы спирт эритмесинде алынган кремний үлгүлөрүнүн рентген фазалык анализи кремний үлгүлөрүнүн фазалык курамы таза кремнийди көрсөттү. Электрон микроскобу менен анализденген учурда, алынган кремний үлгүлөрүнүн бөлүкчөлөрүнүн чоңдугу 'ImageJ contact angle plungin' программасы менен эсептелип жогорку таблицаларда толук түрүндө берилди, ал эми структуралык түзүлүшү таякча, сфера жана куб түрүндо болгондугу аныкталды.

Импульстук плазма методу менен алынган ошол кремний нанобөлүкчөлөрүн айыл чарба тармагында колдонуу багыты каралды. Изилдөөнү жүргүзүү үчүн үлгү катары арпа, буудай дандары тандалып алынды. Арпа жана буудай дандарын тандап пилоттук деңгээлде изилдөө жүргүзүү ыңгайлуу болду, анткени буудай жана арпа кыска мөөнөттө өсүү чыгууга жана күн нурун талап кылбагандыктан лабораторлук шартка өстүүрүүгө ыңгайлуу дандар. Изилдөөгө алынган дан азыктарынын өнүү пайызы, өсүү бийиктиги, тамыр узундугу контролдук үлгүгө салыштырылып аныкталды. Изилдөөнүн натыйжасында үлгүлөрдүн өнүү пайызы, өсүү бийиктиги, тамыр узундугунда маанилүү айырмачылыктар байкалды. Арпанын өнүү пайызы жана өсүү бийиктиги жогору болду. Кремний нанобөлүкчөсүнүн топуроктагы концентрациясы жогорулаган сайын арпа жана буудайдын тамыр узундугу котролдук үлгүгө салыштырмалуу кыска, бирок бекем жана тик абалда болгондугу аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыгында дан өсүмдүктөрүнө кремний нанобөлүкчөсүн топурак катары колдонуу менен өсүмдүктөрдүн сырткы факторлордун таасирине каршы негиз катары колдонууга болот. Кремний нанобөлүкчөсүнүн айыл чарбада өсүмдүктөргө колдонуусунун эң негизги өзгөчөлүгү анын өлчөмүнүн кичине болуусу[22].

13-сүрөттө ар кандай концентрацияда алынган кремний үлгүлөрүнүн рентген диффрактограммасы берилген. Графикте көрсөтүлгөндөй дистирленген сууда, 40%

спирт ээритмесинде бөлүкчөлөрдүн интенсивдүүлүгү жогору болду. Жогорку интенсивдүүлүк бөлүкчөлөрдүн кристалдашуу даражасын көрсөттү. Төмөнкү концентрациядагы спирт эритмесинде жогорку кристталдашуу даражасы байкалган жок. Синтезделген кремний нанобөлүкчөсү JCPDS 27-1402 номерлүү таза кремнийдин кристалдык маалыматы менен дал келди.

Таблица 3тө арпа жана буудай өнүп чыккан күндөн тарта 14 күн ичинде өсүү бийиктиги тик абалдан жыгылганча өлчөндү. Контролдук буудайда, 0,005гр, 0,01гр концентрациясында өсүү бийиктиги дээрлик бирдей, 0,02 гр коцентрацияда буудайдын өсүүсү жогору болду. Контролдук жана 0,005гр коцентрациядагы арпа отургузулгандан кийин 6, 8 күн ичинде чыкты. 0,01гр, 0,02гр концентрациясындагы арпа 4 күндө бирдей чыкты. Контролдук арпа жана башка концентрациядагы үлгүлөргө салыштырмалуу нанобөлүкчө 0,01 гр өлчөмүндө өсүү жогору болду. Тик абалы жана бекемдиги боюнча нанобөлүкчө колдонулган үлгүлөр эң жакшы көрсөткүч берди. 18-сүрөттө арпа жана буудайдын тамырынын өсүүсү берилди. Арпада нанобөлүкчө тамырга жогорку деңгээлде таасир берген жок. Буудайда концентрация жогорулаган сайын тамыр кыска болгондугу байкалды. Кремний нанобөлүкчөсүн колдонуунун бир канча түрү бар. Суу менен аралаштырып чачыратып суугаруу менен бирок эң эффективдүү таасири топурак катары колдонуу. Башка изилдөөлөрдө чачыратып колдонуу менен жасалган, бирок таасиринин жогорку деңгээлде болгон эмес, абиотикалык жана биотикалык таасири туруктуу болгон[21]. Топурак катары колдону менен өсүүсүн жана бекем, тик абалда болгондугу менен айырмаланды. Кремний нанобөлүкчөсү айыл чарба тармагында дан өсүмдүктөрүнө колдонсо болот.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

[1]. Agunsoye JO, JA Adebisi1 JA, Bello SA, Haris M, Agboola1 JB, Hassan SB SYNTHESIS OF SILICON NANOPARTICLES FROM CASSAVA PERIDERM BY REDUCTION METHOD, Contributed Papers from Materials Science and Technology 2018 (MS&T18) October 14–18, 2018.

[2]. Ayesha M, Nelofer J, Sabeena R, Fazeela M, Musarrat R, Horn GL, Najam MM and Naeem ShM, Engineered Silica Nanoparticles and silica nanoparticles containing Controlled Release Fertilizer for drought and saline areas, Pakistan Journal of Botany 51(5) p: 1561-1567.

[3]. Ismail AL, Saputri NMZ, Dwiatmoko AA, Susanto BH and Nasikin MA, facile approach to synthesis of silica nanoparticles from silica sand and their application as superhydrophobic material, Journal of Asian Ceramic Societies Pages 665-25 Apr2021.

[4]. Mohammed M, Abdullah HAl-S, Mohammed E, Hassan REl-R, Application of Silica Nanoparticles Induces Seed Germination and Growth of Cucumber (Cucumis sativus), Journal of King Abdul-Aziz University-Meteorology Environment and Arid Land Agriculture Sciences 28(1):57-68.

[5]. Mamun SM, Herstedt M, Oikawa K, Gustafsson T, Otomo T, Furusaka M, Kamiyama T, Sakaebe H, Edström K, Neutron-scattering studies on carbon anode materials used in lithium-ion batteries, *Appl. Phys. A: Mater. Sci. Process.* **2002**, *74* (1): s1028– s1030.

6]. Полковникова ЮА, Использование пористого кремния в качестве перспективного носителя лекарственных веществ. ФГБОУ ВО «Воронежский государственный университет», ВЕСТНИК ВГУ, СЕРИЯ: ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ФАРМАЦИЯ, 2017, № 4.

[7]. Siddiqui H, Ahmed KBM, Sami F, Hayat S, Silicon nanoparticles and plants, Nanotechnology for Plant Growth and Development, Springer International Publishing, Cham, Switzerland, 2020; pp. 129–142.

[8]. Das D, Yang Y, O'Brien JS, Breznan D, Nimesh S, Bernatchez S, Hill M, Sayari A, Vincent R, Kumarathasan P, Synthesis and Physicochemical Characterization of Mesoporous Nanoparticles, J. Nanomater 2014, 62.

[9]. Ma X, Zhou B, Gao W, Qu Y, Wang L, Wang Z, Zhu Y, A recyclable method for production of pure silica from rice hull ash, Powder Technol. 2012, 217, 497–501.

[10]. Sanjay S, Latthea, et al., Self–cleaning superhydrophobic coatings Potential industrial applications, Progress in Organic Coatings,Volume 128, pp 52-58.

[11]. Методы получение наноразмерных материалов. УГУ.Екатеринбург 2007.

[12]. James O'Donoghue, Visualizing the Scale and Composition of the Earth's Crust, Das D, Yang Y, O'Brien JS, Breznan D, Nimesh S, Bernatchez S, Hill M, Sayari A, Vincent R, Kumarathasan P, Synthesis and Physicochemical Characterization of Mesoporous Nanoparticles, J. Nanomater. 2014, 2014, 62.

[13]. Emil O, Janar J, et al., Synthesis Method of Nanomaterials by Pulsed Plasma in Liquid, Journal of Nano science and Nanotechnology Vol. 7, p. 3157–3159, 2007.

[14]. Каба СИ, Егорова ЕМ, Вклад стабилизатора в цитотоксичность наночастиц серебра в эксперименте на эндотелиальных и фибробластоподобных клетках, Российские нано технологии. 2020 Т. 15, №4. С. 540-549.

[15]. abridged guide to retrieving reference patterns and other uses of jade for xrpd analysis, http://prism.mit.edu/xray/oldsite/jade.pdf. 17 March.2022.

[16]. Piyapong B, Measuring the Contact Angle using ImageJ with Contact Angle plug-in, University of Toronto, 2018, p. 1-2.

[17]. Goswami A, Roy I, Sengupta S, & Debnath N, Novel applications of solid and liquid formulations of nanoparticles against insect pests and pathogens, *Thin Solid Films* **519**, 1252–1257 (2010).

[18]. http://stat.kg/kg/statistics/selskoe-hozyajstvo/.15 April.2022.

[19]. Verma KK, Song XP, Li DM, Singh M, Rajput VD, Malviya MK, Minkina T, Singh RK, Singh P, Li YR, Interactive Role of Silicon and Plant–Rhizobacteria Mitigating Abiotic Stresses, A New Approach for Sustainable Agriculture and Climate Change. Plants 2020, 9, 1055.

[20]. Xue-Mei L, David R and Crego-Calama M, What do we need for a superhydrophobic surface, A review on the recent progress in the preparation of superhydrophobic surfaces, First published as an Advance Article on the web 31st January 2007 DOI: 10.1039/b602486f p.1350-1368.

[21]. Sahebi M, Hanafi MM, Siti Nor AA, Rafii MY, Azizi P, Tengoua FF, Nurul MAJ, Shabanimofrad M, Importance of silicon and mechanisms of biosilica formation in plants.

Biomed. Res. Int. 2015, 2015, 396010.
[22]. Хадеев ТГ, Прищепенко ЕА, Выращивание экологически чистой продукции растениеводства, Вестн. НЦБЖД. 2013. № 4. С. 117–121.
[23]. Ma X, Zhou B, Gao W, Qu Y, Wang L, Wang Z, Zhu YA, recyclable method for production of pure silica from rice hull ash, Powder Techno, 2012, 217, 497–501.